Карабеков Сатынбай орто мектеби

# «РАХМАТ САГА АЛИППЕ»

Мугалим: Бектур кызы Жазайым.

Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин

«РАХМАТ САГА АЛИППЕ!» аттуу коштошуу кечесинин

## ПРОГРАММАСЫ

1. Кечени ачуу. Окуучуларды чакыруу.
2. Саламдашуу.
3. Актан менен Акылайды кабыл алуу.
4. Алиппе китебин чакыруу.
5. Хор «Саякат кылабыз»
6. Майрам тууралуу ырлар.
7. Тамгалар жөнүндө ырлар
8. Акыйнек айтышуу
9. Бий «Мына минтип»
10. Сандар тууралуу ырлар
11. Табышмактар
12. Оюн:Ата-энелердин катышуусунда
13. Ыр «Апа жөнүндө»
14. Бий «Кыргыз бий»
15. Хор «Биринчи мугалимим»
16. Оюн: Ата-энелердин,окуучулардын катышуусунда
17. Хор «Орус тили»
18. Ырлар
19. Жыйынтыктоо.

**Алиппе майрамына саякат**

Мугалим:Кутмандуу күнүңүздөр менен урматтуу эже-агайлар. Ардактуу «Алиппе» майрамына катышып жаткан ата-энелер. Бүгүнкү күнбалдарыбыз үчүн чоң майрам, чоң кубаныч. Окуучулар билим башаты болгон Алиппе китебинен 36 тамганы үйрөнүп, китепти шар окуп, көп нерселерди билүүгө жетишишти. Мектеп босогосун биринчи аттап илим жолуна чыйыр салган бөбөктөр бүгүн ардактуу китеби «Алиппе» менен коштошкону турушат.
-Кана эмесе бүгүнкү майрамдын себепчилерин кол чаап тосуп алалы.
(Музыканын коштоосунда окуучулар сахнага келишет»

Мугалим: Алтын заман, нур заман,
Айланабыз балкыган.
Сиздерге салам айтабыз,
1-класстын атынан (чогу)
Ата-баба салтын сактап элибиз,
Адегенде саламдашып келебиз.
Эже-агайлар эмгегиңди баалайбыз,
Баарыңарга ачык маанай каалайбыз.
Беребиз салам баарыбыз,
Ата-эне кабыл алыңыз.
Ата-энелер, эжекелер, меймандар,
Амандыгың сураганга биз даяр.
Асмандагы күндөй жаркып дайыма,
Бактыбызга бар болгула баарыңар.

Эшикти кагып АКТАН менен АКЫЛАЙ кирип келишет.
Актан: Саламатсыңарбы балдар!
Балдар: Саламатсыңарбы Актан, Акылай!
Акылай: Саламатсыздарбы ата-энелер, эже-агайлар!
Балдар Актан экөөбүз «Алиппе» майрамына кечигип калбадыкпы?
Балдар: Жоок!
Мугалим: Жок Актан, Акылай силер өз убагында келдиңер. Балдар айткылачы биздин майрамга ким жетишпей жатат?
Балдар: Алиппе!
Актан: Ооба. Эң жакын досубуз Алиппени чакырып, анан оюн куралы.
Балдар: Алиппе! Алиппе! Алиппе! (музыканын коштоосунда Алиппе келет).
Алиппе: Саламатсыңарбы менин сүйүктүү досторум! Мен бүгүнкү боло турган майрам тууралуу угуп алып, жалгыз келбей досум «Адабий окууну» ээрчите келдим. Кана эмесе досторум өнөрүңөрдү досум экөөбүзгө көргөзгүлөчү.
Айжаркын: Алиппе билим жарчысы,
Алиппе билим ачкычы,
Алиппе билим башаты,
Түбөлүк дилде жашачы!

Бакнур: Бүгүн бизде чоң майрам,
Алиппенин майрамы.
Илим жолун ачты деп,
Ыраазычылык айталы.
Акылай: Балдар эми биз саякатка чыгалы.
Хор: «Саякат уылабыз»
Саякат кылабыз билим дүйнөсүнө,
Ырахат алабыз жан дүйнөбүзгө.
Таланттуу балдарбыз дайым шайыр жүргөн,
Кубаныч алабыз нур жүзүбүзгө.
Билимге дайым умтулган ,
Саякатчы шайыр балдарбыз.
Суктанабыз биз дүйнө сырына,
Кол кармашып бирге барабыз.
Актан: Айдап булут түндөрүн
Ачып жаздын гүлдөрүн
Алиппеден башталган
Айга жеткен күндөрү
Акылай: Бүгүн бизде чоң майрам,
Алиппенин майрамы
Илим менен билимдин
Ушул билим каймагы
Актан: Алиппеден тамга таанып,
Окуганды үйрөндүк.
Тамгаларды толук таанып,
Жазганды да үйрөндүк.
Акылай: Алтын китеп Алиппени
Ар күн окуп ачканмын.
Отуз алты тамгасын
Ойдогудай жаттадым.
Актан: Майрамы деп Алиппенин
Ыр алып келдик баарыбыз.
Кайсыл тамга экенин
Ырларынан таанынcыз!
Акылай: Бажырайган тамгалар
Баарыбызга жат болду.
Жаркыраган заманда
Башыбызга бак конду.
Алиппе: Тамгаларды билсеңер
Мени урматтап жүрсөңөр
Айткылачы угайын
Ар бир тамга ырларын
Ар биринин сырларын
Татынакай бийлерин
Тактап көрүп билейин.

Акылай: Анда эмесе тамгалардын ырына кезек берели
Айжаркын: «А»-Алфавиттин башында
Турган менмин «А» тамга
«Т»ны койсоң ортого
Айланамын атага.
Бермет: «Б»-Бала, балык, балкага
«Бб» жазылат баш тамга
Гимнди, гербди жазганда
Керек дайым «Гг» тамга
Кулпунай: «В»-Велосипед, вертолёт
«Вв» тамгадан башталат.
Вокзал жакка паровоз,
Вагон сүйрөп баратат.
Айпери: «Л»-Лыжа, Лола, лампочка,
«Лл» тыбышын билдирет.
Суюктукту өлчөйбүз,
Литр менен белгилеп.
Хадича: «М»- Мунар, Медер, Майсалбек,
Мына ушуга «Мм» кетет.
«Манас», «Сейтек», «Курманбек»,
Мактанамын кыргыз деп.
Элхан: «Н»- Нак Манастын балдары,
Намыскөй жана уяттуу.
Накыл сөз айткан карылар,
Нарын дарыя сыяктуу.
Жазийа: «П, Я»- Парта десем мектеп келет эсиме
Пака десем китеп түшөөр эсиңе
Мен «Я» тамга йоттошкон
«Е», «Ё», «Ю» га табияты окшошкон.
Айзирек: «Р»- Ракетага, Рахатка
Сөз башына «Рр» келет.
Компьютерди башкарган
Роботтор да иштешет.
Аяна: «С»- Сакалдууга биринчи
Салам айттым жүгүнүп.
Саламаттык тилеймин,
Сыркоолосо түйүлүп.
Мээрим: «Т, Н»- «Т» окшош тырмоокко
Тытып жерди тырмоого.
Ишеним менен илимпоз,
«И» тамгадан башталат
Изденип жакшы окусаң
Ийгилик өзү жаралат.

Бакнур: «У»- Улууларды сыйлагын,
Улгаясың сен дагы
Улууну көрсөң учураш
Уул болуп ыймандуу.

Алия: «Ц»- Айлананы кагазга
Циркуль менен чийебиз.
Сонун оюн көргөнү
Циркке барып киребиз.

Амир: «Ң»- Дөңгөлөнөт дөңгөлөк,
Дөңгөлөккө «Ң» келет.
Дагы кайсы сөздөргө
«Ң» тамгасы эң керек.

Эрбол: «Ш»- Шакир өзү шок бала
Шаршен менен дос бала
Шайы кетти экөөнүн
Штанганы талаша.

Адеми: «Ы»- Ызаа кылба кичүүнү
Ырахмат айткын улууга
Ыркырашпай үндөгүн
Ынтымактуу болууга

Актан: «Алиппе балдар тамганын баарын жатка билип алыптыр!»

Алиппе: Азаматтар! Баарын сонун айттыңар,
Тамгалардын ички сырын ачтыңар.
Аракетти жумшаганың байкалды
Билим үчүн, чын дилдерден жалпыңар.

Мугалим: Силер көргөн ушул баардык тамгалар,
Алфавиттин катарында орду бар.
Бөлүнүшөт үндүү, үнсүз болушуп,
Өз таламын талашышсын кана алар.

Айжаркын: Саным он төрт үндүүмүн,
(үндүү) Астындамын үнсүздүн.
Мен болбосом үнсүздөр,
Кеп айта албайт бир үзүм.
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Амир: Мен үнсүзмүн саным көп,
(үнсүз) үндүүлөрдөн алым көп.
«Көп түкүрсө көл болот»
Кыргыз айткан асыл кеп.
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Мээрим: «Мен көпмүн»-деп мактанба,
(үндүү) Көп суур ийин казчу эмес.
Тургум келбейт жанында
Туталанбай кашчы тез.
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Эрбол: Көөп кетмек экенсиң,
(үнсүз) Эгер мендей көп болсоң.
Барчы нары жоголчу,
Басынтасың тек койсом
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Айзирек: Жакалаша тургансып
(үндүү) Жакындайсың тим койсом
Жыгылаарсың эсиң ооп
Жаактан аары бир койсом
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Элхан: Чекирең көз жинди үндүү,
(үнсүз) Ченеп иш кыл алыңа.
Дагы ушундай сүйлөсөң
Доо кетирем далыңа.
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Алиппе: Ынтымакка келгиле,
Антип ыркты кетирбей.
Мен силерге таарынсам
Коём анда кечирбей.
Алфавиттин алдында
Укугуңар бипбирдей
Кыялыңдан кайра тарт
Кыйынсынып менсинбей.

Үндүү-үнсүздөр: И-ий экөөбүз билбеппиз,
Алиппебиз туура айтат.
Анын тилин албасак
Ойрон кылат, кыйратат.
Ынтымактан кетсек биз
Кайдан ойго жетмекпиз
(акыя-акыя, акый-акый, акыя)

Акылай: Анда кийинки кезекти бийчилерибизге берели
Окуучулар «Мына минтип» аттуу бийди аткарышат.
Актан: Балдар силер тамгаларды, окуганды, жазганды билет экенсиңер. А саналганды билесиңерби?

Адеми: Мен деген нөлмүн
«0» «О» тамгасына окшотуп көргүн.

Хадича: Билим алгын бекемдеп,
«1» Бир деген бул-бир чиймин.
Маанилерин сандардын
Түшүнөсүң сен кийин.

Жазийа: Бирге бирди кошкондо
«2» Билгин эки болоорун.
Эске туйбас балдарга
Ушундай баа коюлат.

Алия: Бирди кошсоң экиге
«3» Тупа туура үч болот.
Эптеп үчкө окусаң
Анда кыйын иш болот.
Эрбол: Кошулганда үчкө бир
«4» Сан чыгат жуп «4» деген
Сонун бала болосуң
Окуп өссөң «4» менен
Мээрим: Төрткө кошсоң сен бирди
«5» Чыга келет жаркып «5»
Чындыгында баалардан
Бештен өткөн болбойт эч.
Айпери: Бешке бирди кошкондо
«6» Алты болот билип ал
Укканыңды бир баштан
Көңүлүңө түйүп ал
Кулпунай: Жети деген сан чыгат
«7» Бирди кошсоң алтыга
Кубанычтуу күн келет
Мектепке күн тартууга
Элхан: Кошсоң бирди жетиге
«8» Сегиз болот жаркырап
Билгендериң ушинтип
Акырындар артылат.
Аяна: Тогуз деген сан чыгат
«9» Бирди кошсоң сегизге
Чыгарбагын түк эстен
Унутчаак го дегизбе.
Мугалим: Тапкычтыкка, зээндүүлүккө үйрөткөн табышмактардан ата-энелерге айталы.
Бермет: Бир теректин чырпыктары
Сегиз экен санасам.
Азат келип сындырыптыр
Калды эми үч чырпык
Кыйын болсоң таап көр
Канча чырпык сыныптыр? (жообу:3чырпык)
Амир: 1 короз кыйкырып бир кишини ойготту,
10 кишини канча короз ойготот? (жообу:1короз)
Бакнур: Столдо 10 шам күйүп турат,
Эгер 3нү өчүрүп салсак
Канча шам калат? (жообу:3шам калат)
Мугалим: Биздин класста кыздар көп ошондуктан кыздардын апаларын биз менен оюн ойноого чакырабыз. Оюндун эрежеси менен таанышып, ленталарды өрүүгө 8 апа чыгып оюнга катышып берет.

Мугалим: Балдарым ак шейшепке ороп сени
Кичинеңден баккан ким?
Балдар: Апакем!
Мугалим: Уйку көрбөй узун түндө
Таптап сени жаткан ким?
Балдар: Апакем!
Мугалим: Ойноп кетсең көчөгө
Ойлоп сени күткөн ким?
Балдар: Апакем!
Мугалим: Кана балдар анда апаларыбызга арнап ыр десте суналы.

Хор: АПАКЕМ

Апакем ай бактым сен
Түбөлүк бар болчу
Бактыга ай жаралган
Кубанчым апакем
Апакем ырдам берем
Ааламдын гүлүн терем
Сагынып кетем ай апакем
Ай апакем
Асыл жан ай апакем
Ардагым аярым
Мен үчүн болгон күчүн
Аябас апакем
Апакем ырдам берем
Ааламдын гүлүн терем
Сагынып кетем ай апакем
Ай апакем

Акылай: Ардактуу көрүүчүлөр назарыңыздарды улуттук кыргыз бийине бурабыз. (музыканын коштоосунда окуучулар чыгып кыргыз бийин аткарышат)
Актан: Балдар ак-караны, жаман-жакшыны тааныткан, адептүү болууга үндөгөн адам ким?
Балдар: Му-га-лим!

Акылай: Алтын билим өнөрдүн
Сүтүн берген мугалим
Аянбастан эмгекке
Күчүн берген мугалим
Актан: Жаңы заман балдарын,
Машыктырган мугалим.
Жаш жүрөктү өнөргө
Ашык кылган мугалим.

Хор: БИРИНЧИ МУГАЛИМИМ.

Мектептин босогосун
Аттадык жетелешип
Тамганын баарын окуп
Алиппе бүткөн кези

Экинчи энем менин
Элжиреп төккөн мээрим
Булагы билимимдин
Биринчи мугалимим

Карматып колго калем
Жат жазуу жаздырдыңыз
Жаттатып жадыбалды
Жазуума баа бердиңиз

Бакытка жетелеген
Баа жеткис адамыбыз
Ыраазы өмүр бою
Окуткан балдарыңыз

Оюн: Залда отурган атасы, апасы жана окуучу чыгат. Оюндун шарты түшүндүрүлүп берилгенден кийин үй-бүлөө оюнга катышат. (керектүүлөр: шарик, маркер, жоолук)

Мугалим: «Тил билсең, дил билесиң» деген кеп бар эмеспи. Биздин окуучулар да өз эне тилин гана окуп үйрөнбөстөн башка тилде да окуп келишет. Анда эмесе назарыңыздарды орус тилиндеги ырларга бурабыз.

Хор: ЁЛОЧКА

В лесу родилась ёлочка,
В лесу она росла
Зимой и летом стройная
Зелёная была
Зимой и летом стройная
Зелёная была

Раз, два, три, четыре, пять
Вышел зайчик погулять
Вдруг охотник выбегает
Прямо зайчика стреляет
Пих-пах не попал
Серый зайчик убежал.

Мугалим: Азаматсыңар! Мына силер Алиппе китебинен эмнелерди үйрөнгөнүңөрдү, билгендериңерди айтып жана көргөзө алдыңар.Силердин жакшы окуй алышыңарга ким жардам берди?

Балдар: Мугалим, ата-энем, Алиппе

Мугалим: Тура айтасыңар балдар. Анда «Алиппе» китебибизге жалпы рахмат айтып коёлу!

Балдар: Ата-энедей досубуз
Алиппебиз кошуңуз
Эмки жылы инимдин
Кыйбас досу болуңуз.
РАХМАТ САГА АЛИППЕ!

Алиппе: Кагылайын балдарым
Ыраазымын силерге
Дагы деле даярмын
Илим, билим берүүгө
Кош болгула кетейин

Балдар: «Кош бол Алиппе!»

Адабий окуу: Угуп-көрүп, карап туруп
Көөнүм толду балдарга
Отуз алты тамганы
Таанып билип алыптыр.
Тамгаларды такылдап
Ажыратып калыптыр
Жакшы, жакшы ийгилик!
Кана эмесе досторум
Кеттик жүрү 2-класска

Мугалим: Мына урматтуу көрүүчүлөр кичинекей жеткинчектер 2-класска узап кетишти. Ушуну менен «Рахмат сага Алиппе» аттуу коштошуу кечебиз соңуна чыкты.










АДАБИЙ ОКУУ
АЛИППЕ





